57

1320

# Акыр заман
(Калыгул, Арстанбек, Солтобай).

Институт языка, литературы и истории
Кирг. ФАН СССР г. Фрунзе
Инв. № 57
42 стр 1981 г.

Инв. 57

# Мазмуну

## Калыгул

| | | бети |
|---|---|---|
| 1. | Акыр заман. | 1-2. |
| 2. | Тар заман. | 3-10. |
| 3. | Зар заман. | 11- |
| 4. | Тар заман. | 12-15. |
| 5. | Арстанбек акындын оорудан турганда, ал-абалын сурап келүүчүлөргө комуз чертип ырдап бергени. | 16-17 |
| 6. | Казак Кантарбайга айтканы. | 18-21. |
| 7. | Арстанбектин тар заманы | 21-23 |
| 8. | Арстанбектин кыскача тар-жымалы | 22. |
| 9. | Солтобай акындын Тескее менен айтышканы. | 24-41. |
| 10. | Кылыч акындын зар заманы. | 42. |

КАЛЫГУЛ АКЫНДЫН КАРА ЫРЛАРЫНЫН БИР БӨЛҮГҮ

## А К Ы Р З А М А Н

Институт языка, литературы и истории Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 57
42 стр. 1988г.

Тамсил кылып жазамын,
Тарихка адам толгонун.
икая кылып жазамын,
Азазил шайтан болгонун.
Азиздер айтып кетиптир,
Акыр заман болжолун
Ар Азирети пайгамбар
Адам ата баш болуп,
Коюп кеткен улдарын.
Акыр заман кишиси,
Кичине болор мүчөсү.
Илгерки өткөн адамдан,
Башка болот деп айткан,
Адеби жок сүйлөгөн,
Кашка болот деп айткан.
Конушу такыр, чөбү жок,
Ташка конот деп айткан.
Эгиндин нурку азайып,
Ачка болот деп айткан.
Акыр заман адамы,
Бакыл болот деп айткан.
Мал азайып арымдан
Жакыр болот деп айткан.
Эгини өнүп чөп чыкпай,
Такыр болот деп айткан.

Андан кийин замана,
Акыр болот деп айткан.
Акыр заман адамы,
Алым болот деп айткан,
Аяттын сөзүн бек тутпай
Залым болот деп айткан.
Аганын тилин ини албай
Чагым болот деп айткан.
Биринин тилин бири албай,
Жайыл болот деп айткан.
Капыр менен аралаш,
Ошондо айыл конот деп айткан.
Замананын адамы,
Молдо болот деп айткан.
? Боростойлор молдого простойлор?
Олжо болот деп айткан.
Абалкы өткөн адамдар,
Орундатып кеп айткан.
Бешин намазга бел байлап,
Окугун балдар деп айткан.

215 сан.

3.

## КАЛЫГУЛ АКЫНДЫН УУЛУ

## КАЛЫГУЛ АКЫН ТУУГАСЫН

Калыгул акын 1785- жылда дүйнөгө келип, 1855-жылда ысык-Көлдүн күнгөйүндө Аксууда өлгөн. Калыгул Бай уулу, Бай Бердиш уулу, Бердиш Дөөлөт уулдары. Нарын ічүке болушунан ічүкө сарбагыш элинен Сагымбай акын.

Калыгул акын кыргыз акындарынын атасы эсептелет. Андан мурда эл- журтка маалим ырлары сакталган биринчи кыргыз акынынан уга албадык. Акыр замандан башка жарым беттик насир сөздөрү биздин колдо бар макалдар жазылган токпо карандыздар. Эл-журт Калыгул акындын ырларын өлүү беттер чамасында болор деп айтышат. Бирок мен башкасын эч бир жерден таба албадым.

### КАЗАК ТЕЗЕК ТӨРӨ АЛДЫНДА АЙТЫЛГАН

### ТАҢ ЗАМАН /Кара ыр/.

Байыркы бала жаш чакта,
Кызыл өңдүн ток чакта.
Кыл сакалдын жок чакта,
Карылардан көп уктук,
Уламадан сөз уктук,
Шондо орус чыгат дечү эле
Миң үйлүүгө беш болуп,
Болуш чыгат дечүү эле.
Буйрук менен кондурган,
Конуш чыгат дечү эле.
Байыры бала жаш чакта,